# НАРЫНДАГЫ АРХЕОЛОГИЯЛЫК КАЗУУЛАР

**ТАБАЛДИЕВ К., АКМАТОВ К.**

Нарын шаарынын күн батыш тарабында 2012-жылы июль-сентябрь айларында археологиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөө Кыргыз Республикасынын «Тарыхый маданий мурастарын коргоо жана пайдалануу» законуна ылайык «Атайын уруксат кагазынын» негизинде жүргүзүлдү. «Уруксат кагазы» Улуттук Илимдер академиясынын тарых бөлүмүнөн алынып, маданият жана маалымат министирлигинде жана Нарын шаардык кеңешинде катталган. Археологиялык казуулар Борбордук Азия университети тарабынан каржыланды.

Изилдөө жүргүзүү үчүн ар бир тарыхый мезгил боюнча тажрыйбалуу археологдор ишке тартылды. Изилдөөчүлөр – Кыргыз улуттук университетинин (ага окутуучу О.А.Солтобаев, доцент М.И.Москалев, доцент Т.Чаргынов), Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (профессор К.Ш.Табалдиев, археологиялык топтун жетекчиси), Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Мурас бөлүмүнүн (А.Сулайманова), Борбордук Азиядагы Америка университетинин (доцент А.Абдыканова) Кыргыз мамлекеттик тарых музейинин илимий кызматкери (К.Акматов) жана Кыргыз-Түрүк “Манас”, Кыргыз улуттук жана Нарын мамлекеттик университеттеринин студенттери.

Археологиялык казуу жүргүзүлүп жаткан Айгыржал 2 деп шартуу аталган эстеликтердин орду совет мезгилинде бир канча ирет айдоо аянтына айландырылып, арык салынып көптөгөн эстеликтердин сырткы курулуштары талкаланып, үстү түздөлгөн. Ошондуктан, совет мезгилинде атайын каттоого мүмкүн болгон эмес болушу керек. Эстелик быйыл апрель айында табылып, археологиялык жактан изилдөөгө муктаждыгы аныкталган соң, Борбордук Азия университети тарабынан изилдөө иши колго алынып, Кыргызстан тарыхынын байыркы сырларынын илгерилеп ачылышына шарт түзүлдү. Эми жер кыртышынын алдынан коло, эрте темир доорлоруна таандык байыркы мезгилдин купуя сырлары ачыла баштады.

Жогорудагы аталган университтеттердин бирдиктүү археологиялык тобу изилдөө баштап, совет мезгилинде, эгемендик мезгилинде жок болуу абалына келген жердеги максаттуу казуу иштери аркылуу илим үчүн баалуу, Кыргыз тарыхы үчүн зарыл маалыматтарды топтоо иштери жүргүзүлдү. Ал маалыматтар Кыргызстандын байыркы тарыхын жазуу, маданиятын чагылдыруу үчүн пайдаланылат. Ар бир табылга археологиялык казуу мыйзамы боюнча 4 ирет – илимий отчетто, графикалык сүрөттө, фото сүрөттө, видеокамера аркылуу катталды. Алар Кыргызстандын аймагынан чыкпайт. Табылгалар алгачкы жылдары илимий изилдөө, анализдер өткөнчө казуу иштеринин милдетин алган археологдордун колунда болушу талапка ылайык. Изилденип жаткан эстеликтердин мезгилин так аныктоо үчүн заманбап радиокарбондук анализ талап кылынат. Анализ жүргүзүү каражатын да Борбордук Азия университети алууда.

2012-жылдын апрель айындагы археологиялык чалгындоо учурунда Нарын шаарынын чыгыш тарабында 1944-жылы катталып, кийин жол куруудa жардырылган эстеликтин орду аныкталган. Эми ал эстеликти изилдөө үчүн өзүбүздүн таш доору боюнча адистер чакырылып изилдөөлөр башталды. Бул таш доорунун эстелигин изилдөөгө келген адистердин жол каражаты, командировка чыгымдарын Борбордук Азия университети колго алган. Алгачкы чалгындообузда 70тен ашуун таш куралдар жана жасоо учурундагы таш чабындылары топтолгон. Эми толук изилдөөдөн кийин Нарын край таануу музейинде айрым үлгүлөрү орун алат. Эң оор нерсе – байыркы үңкүрдү калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес. Болбосо окуучулар, студенттер, эл, туристтер келе турган уникалдуу жер болмок.

Азыр казуу жүргүзүлүп жаткан Айгыржал 2 эстелигинин чыгыш тарабында, 1,5 км алыстыкта Борбордук Азия университетине караштуу эмес жерде Айгыржал 3 (же Аламышык) эстелиги 40-чы жылдары профессор А.Н.Бернштам, 1990-жылы профессор Ю.С.Худяков жана аспиранты К.Ш.Табалдиев тарабынан изилденген. Кыргыз тарыхынын орчундуу учурлары боюнча

баалуу маалымат алынган. Тилекке каршы археологиялык эстеликтер жайгашкан аймактагы эстеликтердин таштарын, топурактарын жергиликтүү калк 1990-жылдан баштап маңдайдагы тоо этегиндеги курулуштар үчүн пайдаланып келишүүдө. Анысы аз келгенсип, бул мамлекет тарабынан каттоодо турган эстеликтин бир бөлүгү жеке менчикке чыгарылып берилген экен.

Аламышык (Айгыржал 3) эстеликтеринин маңдайындагы тоо этегиндеги Тогуз-Дөбө аттуу жердеги сак-усун мезгилиндеги эстеликтер бүт бойдон курулушка пайдаланылып кеткен эле. Биз 1990-жылы сентябрь айында соңку маалыматтарын казып алып директору Рая Баетова эже жетектеген Нарын край таануу музейинине өткөрүп бергенбиз. Азыр алар музей көргөзмөсүндө турат.

Ошол экспедициядан кийин Нарын шаарынын аймагында археологиялык казуу иштерин мамлекет колдоого ала алган жок. Эми гана археологдордун тилеги кабыл болуп бул аймакта изилдөө иштери 20-жылдан ашуун мезгилден кийин жандана баштады.

Айгыржал эстелигинен кайрак жерди айдоодо алдында калган эстеликтер табылып, коло дооруна таандык 4 көрүстөн ачылды. Адам сөөктөрү өрттөлүп же өрттөлбөй көмүлгөн. Байыркы мезгилде көркоолор тарабынан казылгандыктан бардык буюм-теримдердин сакталыш абалы начар. Маркум жанына коюлган чопо идиштер топурак алдында басырылып жарылган. Алгачкы консервация иштери аркылуу көлөмдөрү калыбына келтирилди. Колодон жасалган бычак, сөйкө, билерик сыныктары дат баскан абалда.

Эрте темир доорундагы көрүстөндөрдөгү маркум сөөктөрүнүн жанынан койдун куймулчагы, эки чопо идиш, коло күзгү, темир сыныктары табылды.

Мына ушинтип акырындап, кылдат казуулар аркылуу байыркы бабаларыбыздын 2-3 миң жыл илгерки турмуш-тиричилиги, маркумду көмүү адаттары боюнча маалыматтар алынууда. Археологдордун ысык, шамалдуу күндөрдөгү мээнети акырындап кайтып келе жатат. Ал мээнетти биздин археологиялык казууга катышкан мурдагы студенттерибиз Нарын шаардык Кеңешинин депутаты Молдосалиев Автандил, Нарын мамлекеттик университеинин доценти Токобаева Гулнур ж.б. жакшы билишет. Алардын архелогиялык казуу учурундагы колдоолорун эске алуу зарыл.

Азыркы мезгилде биз Нарын шарынын күн чыгыш тарабындагы мурда жардырылып, таштары жол куруу үчүн пайдаланган жерден жогорку палеолит (б.з.ч. 40-12 миң жылдыктар) доорун таандык эстеликтерди ачтык. Ал эми Айгыржал деп аталган, Ак-Кыянын чыгыш тарабындагы мурда карьерге айландырган жерден палеолит дооруна таандык таш куралдын үлгүсү табылды.

Изилдөөлөрдүн натыйжасы бардыгыбыз үчүн кымбат. Археологдорго жаңы изилдөө майданы ачылды, студенттерибиз, жаш окумуштууларыбыз үчүн практика уюштурууга, талаа шартында билим алууга тажрыйба топтоого шарт түзүлүлдү. Жергиликтүү калк байыркы тарыхынын тереңин таанып билет. Илимий натыйжалар университеттердин, мектептердин окуу китептеринде пайдаланылат. Казуудан алынган сүрөттөр, табылгалар музей көргөзмөсүндө орун алат. Биздин изилдөөлөр боюнча даректүү фильм тартуу үчүн материал топтоо башталды.

Археологдор иштеген жерде көпчүлүк учурда миф, ойдон чыгаруулар кошулуп аларды «алтын» изилдөөчүлөр катары кабыл алган учурлар жок эмес. Ошондуктан чоподон, колодон, темирден жасалган буюдардын сүрөттөрүн кошо газета беттеринде чагылдырууга аракеттендик. Археолог үчүн алтын эмес, ар бир жаңы маалымат баалуу. Мисалы, коло доорундагы маркум сөөгүн өрттөп, калган майда сөөктөрүн чуңкурга көмүп, үстүн жыгач устундар менен жаап көмүүсү Кыргызстандагы эң алгачкы маалымат.

Учурдан пайдаланып бул илимий конференция аркылуу Теңир-Тоо журтуна, жетекчилерине, күч структураларына эскертип кеткибиз келет. Биринчиси, бир канча эскертүүгө карабай Ат-Башы айылына кире бериш жердеги узундугу 5 км созулган хуннулар доорундагы көрүстөн топурактары курулуш ишине, кирпич заводуна пайдаланылып, жылына бир канча эстелик жок болууда. Газета аркылуу көп айтылды, майнап чыккан жок. Ат-Башы райондук кеңешинин ал жерди корукка алуу боюнча атайын токтому керек. Болбосо, чыгыштан чыккан Улуу көч доорундагы бабаларыбыздын уникалдуу эстелигинен айрылабыз.

Экинчиси, Кыргызстан боюнча кыдырып металл детектору менен байыркы эстеликтерди талап-тоногон топтор шимшип жүрүшөт. Күрөк менен сайган жерден алтын, күмүш чыкпайт. Бирок, археологиялык маданий катмар бузулат, тез байымак өңдүү пикир жаратат, жаш муунду бузат. Ушул сыяктуу топтордун ишине баарылап бөгөт койгонго көмөктөшүңүздөр. Алар өздөрүн археологпуз деп сыр беришпейт. Документин текшергенге ар бир атуулдун укугу бар. Атайын уруксат кагазында 3 мөөр болушу керек. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде аларга оор кылмыш жазасын колдонуу каралып жатат. Мыйзам чыккан менен журтубуз улуу-кичүү дебей кол-кабыш кылбаса ата-баба мурастарынан кол жууйбуз. Жок дегенде милиция кызматкерлерине, айыл башчыларына, өкмөттөрүнө кайрылыңыздар – чара көрсүн.

Азыркы учурда Борбордук Азия университетинин жетекчилиги менен бирдикте археологиялык изилдөөлөрдү улантуу жана натыйжаларын коомчулукка таанытуу, археологиялык эстеликтерди сактоо, аларды туризм, билим берүү тармактарында пайдалануу өңдүү иштер боюнча пландар түзүлүүдө.





Айгыржалдагы коло дооруна таандык коргон.

2013-жылы Нарын мамлекеттик университетинин жана Кыргызстандын башка университеттеринин студенттерин археологиялык казуу ишине тартабыз.

Мына ушул изилдөөлөр аркылуу Нарын шаарынын жана анын айланасындагы таш доорунан тартып кеч орто кылымдарына чейинки тарыхынын сырлары ачылат.